# КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИ
# КООМДУК ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ
# 2022–2023-ОКУУ ЖЫЛЫ ҮЧҮН МАГИСТРАТУРА ЖАНА ДОКТОРАНТУРА (Ph.D) ПРОГРАММАЛАРЫНА СТУДЕНТТЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ КОНКУРСУН ЖАРЫЯЛАЙТ

## КАБЫЛ АЛУУ МӨӨНӨТТӨРҮ

| | | |
|---|---|---|
| Документтерди кабыл алуу күндөрү | | 01-25-август, 2022 |
| Адистиги боюнча билим сынагы | жазуу түрүндөгү сынак | 05-сентябрь, 2022, саат: 13:30 |
| | оозеки түрүндөгү сынак | 06-сентябрь, 2022, саат: 13:30 |
| Сынактын жыйынтыктарын жарыялоо | | 08-сентябрь, 2022 |
| Негизги тизмедеги талапкерлерди каттоо | | 09-12 сентябрь, 2022 |
| Резервдик тизмедеги талапкерлерди каттоо | | 14-сентябрь, 2022 |
| Сабактарга катталуу | | 16-19-сентябрь, 2022 |

## КАБЫЛ АЛУУ ШАРТТАРЫ

### МАГИСТРАТУРА

**1-** Магистратура программасына тапшыра турган талапкердин базалык жогорку билими боюнча орточо жетишкендик баллы 4 баллдык баалоо системасы боюнча 2 баллдан жогору болушу керек.

**2-** Магистратурага тапшырган талапкер Кыргыз Республикасынын жараны болуп, Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын жогорку окуу жайларынан башка бир окуу жайды бүтүргөн болсо, КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан дипломдун нострификациялагандыгы тууралуу документти көрсөтүүсү зарыл. Түркия Республикасынын жараны болуп, ТР жогорку окуу жайларынан башка бир окуу жайды бүтүргөн болсо, өз өлкөсүнүн тийиштүү мекемеси тарабынан берилген дипломдун нострификациялангандыгы тууралуу документти көрсөтүүсү керек.

**3-** Кирүү сынактарында, ALES (жарамдуулук мөөнөтү 36 айга чейин), GRE, GMAT (жарамдуулук мөөнөтү 60 айга чейин) сыяктуу эл аралык деңгээлдеги сынактардын сертификаттарына ээ талапкерлер үчүн бул сынактардын жыйынтыктары (эң төмөнкү баллы ALES үчүн 55 балл; GRE, GMAT үчүн 70 балл) жазуу сынагынын ордуна эсептелинет. Тесттердин **гуманитардык илимдер блогу же болбосо орток жыйынтыктары** эсепке алынат. Бирок бул талапкерлер оозеки сынак тапшырууга милдеттүү. ALES, GRE, GMAT сынактарынын сертификаттарына ээ болбогон талапкерлер жазуу жана оозеки түрүндөгү кирүү сынактарын тапшырууга милдеттүү.

### ДОКТОРАНТУРА (PhD)

**1-** Докторантурага магистратуранын бүтүрүүчүлөрү, беш жылдык жогорку билимге ээ дипломдуу адистер, ошондой эле медициналык, ветеринардык факультеттердин бүтүрүүчүлөрү кабыл алынат. Талапкердин орточо жетишкендик баллы 4 баллдык баалоо системасы боюнча 2.50дөн жогору болушу талап кылынат.

**2-** Докторантурага (Ph.D) тапшырган талапкер Кыргыз Республикасынын жараны болуп, Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын жогорку окуу жайларынан башка бир окуу жайды бүтүргөн болсо, КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан дипломдун нострификациялагандыгы тууралуу документти көрсөтүүсү зарыл. Түркия Республикасынын жараны болуп, ТР жогорку окуу жайларынан башка бир окуу жайды бүтүргөн болсо, өз өлкөсүнүн тийиштүү мекемеси тарабынан берилген дипломдун нострификациялангандыгы тууралуу документти көрсөтүүсү керек.

**3-** ALES (жарамдуулук мөөнөтү 36 айга чейин), GRE, GMAT (жарамдуулук мөөнөтү 60 айга чейин) сыяктуу эл аралык деңгээлдеги сынактардын сертификаттарына ээ талапкерлер үчүн бул сынактардын жыйынтыктары (эң төмөнкү баллы ALES үчүн 55 балл; GRE, GMAT үчүн 70 балл) жазуу сынагынын ордуна эсептелинет. **Тесттердин гуманитардык илимдер блогу жана/же болбосо орток жыйынтыктары** эсепке алынат. Бирок бул талапкерлер оозеки сынак тапшырууга милдеттүү. ALES, GRE, GMAT сынактарынын сертификаттарына ээ болбогон талапкерлер жазуу жана оозеки түрүндөгү кирүү сынактарын тапшырууга милдеттүү.

**4-** Докторантура (Ph.D) программасына тапшыруу үчүн талапкер университеттин Окумуштуулар

| |
|---|
| кеңеши тарабынан бекитилген чет тилдердин биринен **(англис, немис, француз, италиян, испан, орус, кытай жана араб)** эл аралык деңгээлдеги кабыл алынган сынак сертификатына ээ болуусу зарыл. Же болбосо Түркия Республикасынын *"Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу борбору*" тарабынан өткөрүлгөн чет тил сынагынан 55тен жогору же Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин "*Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу борбору*" тарабынан өткөрүлгөн чет тил сынагынан 60тан жогору баллга ээ болуусу керек (жарамдуулук мөөнөтү – 3 жыл). Чет тил боюнча эл аралык сынак сертификатынын баллы "Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин "чет тил сынактарын эквиваленттештирүү таблицасына" жараша эсептелинет. Чет тил факультетин бүтүрүүчүлөр өзүнүн негизги профилдик чет тилинен сырткары башка чет тилден сынак сертификатын көрсөтүүсү зарыл. **КМШ (Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги) өлкөлөрүнүн жарандары үчүн орус тили чет тил катары эсептелбейт.** |
| **ЭЛ АРАЛЫК СТУДЕНТ** |
| Кыргыз Республикасынан жана Түркия Республикасынан сырткары башка өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларын, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларын (билим берүү тили кыргызча же түркчө болбогон) бүтүргөн чет мамлекеттин жарандары, жана ошондой эле Кыргыз-Түрк «Манас» университети менен түзүлгөн эки тараптуу келишимине ылайык тапшырып жаткан чет мамлекеттин жарандарын **эл аралык студент катары кабыл алуу** төмөнкү шарттардын негизинде жүргүзүлөт. |
| Магистратура программасына тапшыра турган талапкердин базалык жогорку билими боюнча орточо жетишкендик баллы 4 баллдык баалоо системасы боюнча 2 баллдан жогору болушу керек. |
| Докторантурага магистратуранын бүтүрүүчүлөрү, беш жылдык жогорку билимге ээ дипломдуу адистер кабыл алынат. Талапкердин орточо жетишкендик баллы 4 баллдык баалоо системасы боюнча 2,50дөн жогору болушу талап кылынат. |
| Кыргыз Республикасы же болбосо Түркия Республикасынын жооптуу мекемелери тарабынан дипломдун нострификацияланганды тууралуу тастыктама бериши керек. |
| Талапкерден чет тил боюнча сертификат талап кылынбайт. Талапкерге сунушталган тилдердин биринде оозеки билим сынагы өткөрүлөт. |
| **КАТТАЛУУ ҮЧҮН КЕРЕКТҮҮ ДОКУМЕНТТЕР** |
| ***Документтер Коомдук илимдер институтунда кабыл алынат же*** ***bilgi.sbe@manas.edu.kg*** *электрондук дареги аркылуу жана https://info.manas.edu.kg/sinav/ сайт аркылуу кабыл алынат. Кабыл алуунун акыркы күнү 25 август 2022 жыл, Бишкек сааты боюнча 17:30га чейин жүргүзүлөт. Маалымат алуу үчүн: 00 996 (312) 49 27 88, ички тел.:2321 номерине телефон чалыңыз.* |
| **1.** Документ тапшыруу үчүн арыздын үлгүсүн төмөнкү интернет дарегинен (*http://www.manas.edu.kg)* табууга болот же болбосо Институттан электрондук почта аркылуу алууга болот: ***bilgi.sbe@manas.edu.kg.*** |
| **2.** Магистратура программасы үчүн бакалаврдык диплом же/жана базалык жогорку билими боюнча диплом жана тиркемелеринин көчүрмөлөрү, докторантура программасы үчүн магистрдик диплом же/жана базалык жогорку билими боюнча диплом жана тиркемелеринин көчүрмөлөрү (же болбосо жогорку окуу жайды бүтүргөндүгү туралуу тактама) талап кылынат. **Студент катары катталуу учурунда документтердин түп нускасы талап кылынат;** |
| **3.** Дипломдун нострификацияланганды тууралуу документ (жогорку окуу жайды чет өлкөдөн бүтүргөн талапкерлер жана эл аралык студент катары тапшырган талапкерлер үчүн), **студент катары катталуу учурунда документтердин түп нускасы талап кылынат;** |
| **4.** 3x4 өлчөмүндөгү 2 даана сүрөт; |
| **5.** Паспорттун же идентификациялык картанын көчүрмөсү; |
| **6.** ALES (акыркы 36 ай ичинде алынган жыйынтык талап кылынат) сынагынын жыйынтыгы же болбосо ага эквиваленттүү GRE, GMAT (акыркы 60 ай ичинде алынган жыйынтык талап кылынат) сынактарынын жыйынтыгынын түп нускасы же көчүрмөсү. |
| **7.** Чет тил сертификаттарынын түп нускасы же көчүрмөсү. |

| СУНУШТАЛУУЧУ МҮМКҮНДҮКТӨР |
|---|
| **1.** Акысыз окутуу. |
| **2.** Магистрант жана докоранттарга Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин *«Стипендия берүү»* жобосуна ылайык, ай сайын стипендия берилет |
| **3.** Студенттик жатакана. |
| **4.** Ийкемдүү сабактардын жүгүртмөсү. |
| **5.** Тил даярдоо программасына катталган студенттер негизги программасынын кээ бир курстарын да ала алышат. |

| МААНИЛҮҮ ЭСКЕРТҮҮЛӨР |
|---|
| **1- Маалымат алуу ж.б. суроолор үчүн :** Бишкек шаары, Жал кичи району, Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Ч. Т. Айтматов атындагы кампус, Коомдук илимдер институтунун имараты, 1-кабат, 104-каб., (Студенттик бөлүм). ***Маалымат алуу үчүн: 00 996 (312) 49 27 88 ички тел.:2321 номерине телефон чалыңыз. Электрондук дарек: bilgi.sbe@manas.edu.kg,*** **Whatsapp: +996(706) 068822 veya +996(700)125056.** |
| **2-** Туура эмес же жетишсиз маалымат берген талапкердин арызы жараксыз деп эсептелинет. |
| **3-** Эне тили бул эки тилдин бири болбогон же бакалавриатта бул эки тилдин бири боюнча билим алып аяктаган талапкерлер бул эки тилден бошотуу боюнча документке ээ болбогон учурда, бул тилдер боюнча чектөөдөн бошотуу үчүн сынакка киришет (67 балл – жетишүү босогосу). Тилден бошотуу сынагы (кыргыз тили жана/же түрк тили боюнча) 2022-жылдын 14-16-сентябрь күндөрү Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Чет тилдер жогорку мектеби тарабынан өткөрүлөт. Тилдердин бирин же экөөсүн тең ийгиликтүү тапшыра албагандар, каалоосу боюнча Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин тилди окутуу программасы боюнча даярдоо курсуна катыша алат. |

| СЫНАКТАРДЫ ӨТКӨРҮҮНҮН ЫКМАЛАРЫ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК ШАРТТАРЫ |
|---|
| Адистиги боюнча билим сынагы (жазуу жана оозеки түрүндө өткөрүлөт) офлайн түрүндө өткөрүлөт. Сынак убагында Түркия Республикасынын жараны жана эл аралык талапкер Кыргыз Республикасында болбосо сынакка онлайн катышуусу мүмкүн. |
| **<u>Жазуу түрүндөгү адистик сынактын</u>** суроолору Google Classroom программасына жүктөлөт, сынактын акырында талапкер жооп баракчасын Google Classroom программасына жүктөөсү зарыл. Сынак Google Meet программасы аркылуу көзөмөлгө алынат. Сынактын тиешелүү жоболорго ылайык өткөрүлгөндүгүн тастыктоо үчүн видео жана аудио каттоосу жүргүзүлөт; |
| **<u>Оозеки сынак</u>** Google Meet программасы аркылуу интерактивдүү жана онлайн түрүндө өткөрүлөт. Сынактын тиешелүү жоболорго ылайык өткөрүлгөндүгүн тастыктоо үчүн видео жана аудио каттоосу жүргүзүлөт; |
| **<u>Сынак/аңгемелешүү</u>** учурунда талапкер тараптан электр жарыгынын өчүшү, интернет менен байланышынын үзүлүшү сыяктуу техникалык себептерден улам талапкер сынакка катыша албаса же катышкан учурда да сынактын тиешелүү талаптарын аткарбаса, сынак жараксыз деп табылат жана талапкерге кайра сынакка катышуу укугу берилбейт. |
| Google Meet жана Classroom аркылуу онлайн өткөрүлө турган сынактарга, сынактын башталышында талапкерлердин электрондук даректерине шилтеме жөнөтүлөт. |

**Ek-1**

## БИЛИМ БАГЫТТАРЫ ЖАНА КВОТАЛАР

### МАГИСТРАТУРА

| БИЛИМ БАГЫТЫ | КВОТА | | | ALES ж.б. ЭЛ АРАЛЫК ТЕСТТЕРДИН ЭКВИВАЛЕНТТҮҮ СЕРТИФИКАТТАРЫНЫН АДИСТИК БАГЫТТАРЫ | ALES ж.б. ЭЛ АРАЛЫК ТЕСТТЕРДИН ЭКВИВАЛЕНТТҮҮ СЕРТИФИКАТЫ | ЧЕТ ТИЛИ БОЮНЧА СЕРТИФИКАТ | МАГИСТРАТУРА ПРОГРАММАСЫНА ТАПШЫРУУ ҮЧҮН ТӨМӨНКҮ БАГЫТТАР БОЮНЧА БАЗАЛЫК ЖОГОРКУ БИЛИМИ ТАЛАП КЫЛЫНАТ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | КР | ТР | ЭА | | | | |
| Дене тарбия | 4 | 2 | 2 | Гуманитардык | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | | Дене тарбия, дене тарбия жана спорт бөлүмдөрүнүн бүтүрүүчүлөрү. |
| Журналистика | 2 | 2 | 1 | Гуманитардык, Орток жыйынтык | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | | Коммуникация факультетинин (журналистика, радио жана ТВ, коомчулук менен байланыш ж.б.) бүтүрүүчүлөрү же социология, психология, саясат таануу, эл аралык мамилелер, менеджмент, адабият жана педагогика боюнча бакалавр даражасына ээ болуу. * |
| Менеджмент | 5 | 3 | 2 | Орток жыйынтык | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | | Менеджмент, экономика, мамлекеттик финансы, финансы жана кредит, эмгек экономикасы, адам ресурстарын башкаруу, саламаттыкты сактоо менеджменти бөлүмдөрүнүн, Туризм факультетинин/Жогорку мектебинин туризмди башкаруу бөлүмүнүн бүтүрүүчүсү. Факультеттердин бакалавр программаларынын бүтүрүүчүсү. * |
| Мейманкана иши | 5 | 3 | 2 | Орток жыйынтык | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | | Туризм, Мейманкана иши, Саякат иши жана гид кызматы, Ресторан иши, Кулинардык өнөр, Рекреация жана башка* багыттардын бүтүрүүчүсү. |
| Педагогика (Педагогика) | 2 | 2 | 1 | Орток жыйынтык. | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | | Кыргызстандагы ЖОЖдордон «Жалпы педагогика», «Жалпы психология», «Предметти окутуунун методдору» жана «Педагогикалык практика» сабактарын окуган болуусу<br><br>**же**<br>Кыргызстандагы жана Түркиядагы ЖОЖдордун Педагогика факультеттерин бүтүргөн болуусу;<br><br>**же болбосо**<br>Кыргыз-Түрк Манас университетинен же Түркиядагы университеттерден педагогикалык багыттагы фармациялык сабактардан сертификат алган болуусу. |
| Педагогика (Психологиялык-педагогикалык кеңеш жана көмөк) | 2 | 2 | 1 | Орток жыйынтык | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | | Психологиялык-педагогикалык кеңеш-көмөк же психология бөлүмүнүн бүтүрүүчүлөрү. |
| Социология | 3 | 3 | 2 | Гуманитардык, Орток жыйынтык | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | | Социология, саясий илимдер, салттуу элдик билим, түркология, коомдук башкаруу, статистика, коомдук кызмат, фиософия; -психологиялык кеңеш жана көмөк программасы, коммуникация, теология, тарых, коомдук байланыш, туризм, экономика, антропология, укук жана шаар, аймак пландоо жана архитектура адистиктери боюнча бакалавр даражасына ээ болуу. * |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Тарых (Архелогия жана социалдык антропология) | 3 | 3 | 2 | Гуманитардык | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | Тарых жана археология адистиги боюнча бакалавр же тарых, археология адистиги боюнча 5 жылдык жогорку билим даражасына ээ болгон талапкерлер. |
| Тарых (Тарых) | 5 | 5 | 2 | Гуманитардык | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | Тарых адистиги боюнча бакалавр же тарых адистиги боюнча 5 жылдык жогорку билим даражасына ээ болгон талапкерлер. |
| Теология | 5 | 2 | 1 | Гуманитардык | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | Теология, Ислам илимдери факультетинин же болбосо жогорку диний билим берген программанын бүтүрүүчүсү негизги талапкер катары кабыл алынат.<br>Башка адистик багытын бүтүргөн талапкерлер экзаменди ийгиликтүү тапшырган учурда бир жылдык илимий даярдоо курсунан өтүүсү зарыл. |
| Философия | 5 | 3 | 2 | Гуманитардык, Орток жыйынтык. | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | Философия; философия бөлүмүнөн сырткаркы баардык бөлүмдөрдүн бүтүрүүчүлөрү. * |
| Филология (Түркология) | 4 | 4 | 1 | Гуманитардык. | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | Түркология, филология, лингвистика бөлүмдөрүнүн бүтүрүүчүлөрү.* |
| Филология (Англис тили жана адабияты) | 2 | 1 | - | Гуманитардык. | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | Филология (англис тили жана адабияты); Лингвистика (англис тили) бакалавр же 5 жылдык билим даражасына ээ болгон бүтүрүүчүлөр. |
| Экономика | 4 | 2 | 2 | Орток жыйынтык. | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | Экономика; финансы жана банктык иш*; мамлекеттик финансы*; эл аралык экономика*; дүйнөлүк экономика*; эл аралык экономикалык мамилелер*; эл аралык мамилелер* багытынын бүтүрүүчүлөрү. |
| Эл аралык мамилелер | 1 | 1 | 1 | Орток жыйынтык. | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | Эл аралык мамилелер, саясат таануу, саясат таануу жана эл аралык мамилелер, социология, тарых, мамлекеттик башкаруу, укук, экономика бөлүмдөрүнүн бакалаврдык дипломго ээ болгон бүтүрүүчүлөрү. * |

| ДОКТОРАНТУРА (Ph.D.) | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **БИЛИМ БАГЫТЫ** | **КВОТА** | | | **ALES ж.б. ЭЛ АРАЛЫК ТЕСТТЕРДИН ЭКВИВАЛЕНТТҮҮ СЕРТИФИКАТТАРЫНЫН АДИСТИК БАГЫТТАРЫ** | **ALES ж.б. ЭЛ АРАЛЫК ТЕСТТЕРДИН ЭКВИВАЛЕНТТҮҮ СЕРТИФИКАТЫ** | **ЧЕТ ТИЛИ БОЮНЧА СЕРТИФИКАТ (Милдеттү)** | **ДОКТОРАНТУРА ПРОГРАММАСЫНА ТАПШЫРУУ ҮЧҮН ТӨМӨНКҮ БАГЫТТАР БОЮНЧА МАГИСТР ДАРАЖАСЫ ЖЕ 5 ЖЫЛДЫК ЖОГОРКУ БИЛИМИ ТАЛАП КЫЛЫНАТ** |
| | **КР** | **ТР** | **ЭА** | | | | |
| Журналистика | 1 | 1 | 1 | Гуманитардык,<br>Орток жыйынтык. | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | Англис тили, немис тили, француз тили, италиян тили, испан тили, орус тили**, кытай тили, араб тили. | Коммуникация илимдери же коомдук-гуманитардык илимдеринин социология, психология, саясат таануу, эл аралык мамилелер, менеджмент, адабият жана педагогика багыттарында магистратура же ушул тармакта 5 жылдык адистик дипломуна ээ болгон бүтүрүүчүлөр. |
| Менеджмент | 2 | 2 | 1 | Орток жыйынтык. | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | Англис тили, немис тили, француз тили, италиян тили, испан тили, орус тили**, кытай тили. | Менеджмент, экономика, мамлекеттик финансы, финансы жана кредит, эмгек экономикасы, адам ресурстарын башкаруу, сапатты башкаруу, эл аралык мамилелер, туризм жана мейманкана иштетүү, эл аралык соода жана логистика, саламаттыкты сактоо менеджменти, өнөр-жай инженериясы, багыттарында магистр даражасына ээ болгон же бул багыттарда 5 жылдык адистик жогорку билими тууралуу дипломго ээ болгон бүтүрүүчүлөр.* |
| Педагогика | 1 | 1 | 1 | Орток жыйынтык. | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | Англис тили, немис тили, орус тили,** француз тили. | Педагогика же ар кандай предметтик мугалимдиги бөлүмдөрүнүн бирөөсүнүн диссертациялуу магистратура программасынын бүтүрүүчүсү же бул тармактарда 5 жылдык адистик жогорку билими тууралуу дипломго ээ болгон бүтүрүүчүлөр. |
| Тарых | 2 | 2 | 1 | Гуманитардык. | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | Англис тили, орус тили.** | Магистр же 5 жылдык базалык жогорку билим даражасына ээ болгон бүтүрүүчүлөр.* |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Теология | 4 | 2 | 1 | Гуманитардык. | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | Англис тили, араб тили. | Теология, Ислам илимдери же болбосо жогорку бир дин илими программасы багытында магистратура же болбосо бул багыттарда 5 жылдык базалык жогорку билимге ээ болгон бүтүрүүчү негизги талапкер катары кабыл алынат.<br><br>Башка адистик багытында магистр даражасына ээ болгон талапкер экзаменди ийгиликтүү тапшырган учурда бир жылдык илимий даярдоо курсунан өтүүсү зарыл. |
| Филология (Түркология) | 2 | 2 | 1 | Гуманитардык. | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | Орус тили**, англис тили. | Түркология, тил илими, филология багыттарынын биринде магистратура же специалитет программасын бүтүргөндөр.<br>Эгер магистратура программасы башка багытта болсо, анда бакалавриат программасын түркология, тил илими, филология багыттарынын биринде бүтүргөндөр*. |
| Экономика | 3 | 1 | 1 | Орток жыйынтык. | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | Англис тили, немис тили, француз тили, орус тили.** | Экономика; финансы жана банктык иш*; мамлекеттик финансы; эл аралык экономика; дүйнөлүк экономика*; эл аралык экономикалык мамилелер*; эл аралык мамилелер багыттарында магистрдик дипломго же бул багыттарда 5 жылдык адистик жогорку билими тууралуу дипломго ээ болгон бүтүрүүчүлөр.* |
| Социология | 2 | 2 | 1 | Гуманитардык, Орток жыйынтык. | Талапкердин каалоосу боюнча сертификат тапшырылат | Араб тили, англис тили, кытай тили, немец тили, француз тили, орус тили.** | Социология багытында бакалавр же магистратура программасынын же бул багытта 5 жылдык адистик жогорку билими тууралуу дипломго ээ болгон бүтүрүүчүлөр.* |

**КР:** Кыргыз Республикасынын жараны; **ТР:** Түркия Республикасынын жараны; **ЭА:** Башка өлкөнүн жарандары.

* -Башка адистик багытын бүтүргөн талапкерлер программанын багытына карата айрыма болгон сабактарды алуу үчүн даярдоо курсуна катышат.

** **-**КМШ (Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги) өлкөлөрүнүн жарандары үчүн орус тили чет тил катары эсептелбейт.